адамдын ички абийири жана жоопкерчилик сезими аны токтотуп турат. Бул көрүнүш үзүндүдөгү «кишенден бошонуу» идеясына окшош — бирок ал кишен азыр физикалык эмес, психологиялык жана моралдык мүнөздө. Ошондой эле бүгүнкү коомдо социалдык тармактар да бул сезимдерди күчөтөт. Адамдар өз жашоосун башкалар менен салыштырып, ички күмөндөрүн көбөйтүп алышат. Натыйжада каарман сыяктуу эле «мен эмнени туура эмес кылып жатам?» деген суроо менен күрөш жүрөт. Демек, «Кызыл алма» аңгемеси — бул жөн гана жеке тагдырдын баяны эмес, адамзатка мүнөздүү универсалдуу психологиялык жана моралдык маселелердин көркөм-илимий интерпретациясы. Чыгарма адамдын ички дүйнөсүн аңдоо, моралдык тандоонун жоопкерчилигин сезүү жана руханий жетилүүгө умтулуу идеяларын актуалдаштырып, бүгүнкү күндө да өзүнүн эстетикалык жана философиялык маанисин сактап келет.

Колдонулган адабияттар:

1. Повесттер, аңгемелер. – 2009. – 99 б. Мазмуну: Ботогөз булак; Биринчи мугалим; Кызыл алма; Саманчынын жолу; Гүлсарат.
2. Акматалиев А. Айтматовдук энциклопедия. – Бишкек, 1993-ж.
3. Калиева А. Кызыл алма- бакыт символу// Кырг. аданияты.-1976.-8апр.
4. Антон Чехов. Дама с собачкой. – Москва: Художественная литература, 1980. – 312–330-бб.
5. Орхан Памук. Масумиет музейи. – Стамбул: İletişim Yayınları, 2008.

УДК 821 DOI: https://doi.org/10.56122/..v1i1.522

Ч. АЙТМАТОВДУН ЧЫГАРМАЛАРЫНДАГЫ УЛУТТУК ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨР ЖАНА УНИВЕРСАЛДУУ БААЛУУЛУКТАР (ЭНЕНИН МИСАЛЫНДА)

Утанова С., Акматова А., ОшМПУ

Аннотация: Бул макалада Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларындагы эне образы улуттук жана универсалдуу баалуулуктардын айкалышы катары каралат. Автор эненин кыргыз маданиятындагы ордун, анын үй-бүлөдөгү жана коомдогу ролун талдоо менен бирге, энелик мээримдин жалпы адамзаттык маанисин ачып берет. Айтматовдун чыгармаларындагы эне образы аркылуу боорукердик, сабырдуулук, кечиримдүүлүк жана жоопкерчилик сыяктуу сапаттар чагылдырылып, алар улуттук чектен чыгып универсалдуу гуманисттик баалуулуктар катары бааланат. Ошондой эле макалада глобалдашуу шартында улуттук иденттүүлүктү сактоодо эненин тарбиялык ролу өзгөчө белгиленет. Изилдөөнүн жыйынтыгында эне образы маданияттардын ортосундагы байланыш түзүүчү жана адамзаттык биримдикти бекемдөөчү маанилүү символ экендиги аныкталат.

Ачкыч сөздөр: эне образы, Айтматов, улуттук баалуулуктар, универсалдуу баалуулуктар, тарбия, гуманизм, иденттүүлүк

НАЦИОНАЛЬНЫЕ ХАРАКТЕРИСТИКИ И УНИВЕРСАЛЬНЫЕ ЦЕННОСТИ В ПРОИЗВЕДЕНИЯХ Ч. АЙТМАТОВА (НА ПРИМЕРЕ МАТЕРИ)

Утанова С., Акматова А., ОшГПУ

Аннотация: В данной статье рассматривается образ матери в произведениях Чингиза Айтматова как синтез национальных и универсальных ценностей. Анализируется роль матери в кыргызской культуре, а также ее значение в семье и обществе. Через художественные образы раскрываются такие качества, как доброта, терпение, милосердие и ответственность, которые

выходят за рамки национальной специфики и приобретают общечеловеческий характер. Особое внимание уделяется воспитательной роли матери в условиях глобализации и сохранению национальной идентичности. В результате исследования делается вывод о том, что образ матери выступает как важный символ, соединяющий разные культуры и способствующий укреплению гуманистических ценностей и единства человечества.

Ключевые слова: образ матери, Айтматов, национальные ценности, универсальные ценности, воспитание, гуманизм, идентичность

NATIONAL CHARACTERISTICS AND UNIVERSAL VALUES IN THE WORKS OF CH. AITMATOV (IN THE EXAMPLE OF A MOTHER)

Utanova S., Akmatova A., Osh State Pedagogical University

Abstract: This article examines the image of the mother in the works of Chingiz Aitmatov as a synthesis of national and universal values. It analyzes the role of the mother in Kyrgyz culture as well as her significance in family and social life. Through literary examples, qualities such as kindness, patience, compassion, and responsibility are highlighted, showing their transformation from national characteristics into universal human values. Special attention is given to the educational role of the mother in the context of globalization and the preservation of cultural identity. The study concludes that the image of the mother serves as a powerful symbol that connects different cultures and promotes humanistic values and unity among people.

Keywords: mother image, Aitmatov, national values, universal values, education, humanism, identity

Чыңгыз Айтматов — көп кырдуу таланты менен дүйнөлүк маданиятка, адабиятка жана коомдук ой-пикирдин өнүгүшүнө зор салым кошкон залкар инсан. Жазуучунун чыгармачылыгы өмүрүнүн акырына чейин ар бир мезгилдин коомдук-саясий, моралдык-укуктук жана социалдык-психологиялык маселелерине жигердүү аралашуусу менен мүнөздөлөт. Бүгүнкү күндө Айтматовдун мурасы жөн гана көркөм адабият эмес, адамзаттын руханий дүйнөсүн байытуучу, философиялык тереңдиги менен айырмаланган өчпөс баалуулук болуп саналат. Анын публицистикалык жана көркөм чыгармаларында көтөрүлгөн «канткенде адам уулу адам болот?» деген фундаменталдуу суроо азыркы ааламдашуу доорунда да өзүнүн актуалдуулугун жоготпой, инсандык калыптануунун негизги өзөгү катары кызмат кылат.

Руханий-адептик жактан тарбиялоонун негизги максаты – адамдын жан дүйнөсүн өз элинин түптүү руханий асыл нарктарына сугаруу, коомдук мамилелердеги ак менен караны туура ажырата билүүгө үйрөтүү, демократиялык коомдун баалуулуктарын жана идеалдарын урматтоого багыттоо болуп саналат. [3]

XX кылымдагы дүйнөлүк жана улуттук адабияттын өнүгүү тарыхында Чыңгыз Айтматов өзгөчө орду бар залкар жазуучу катары бааланат. Анын чыгармалары кыргыз элинин маданий мурастарын дүйнөлүк окурманга жеткирүү менен бирге, жалпы адамзаттык көйгөйлөрдү көтөргөндүгү үчүн глобалдык адабияттын алтын казынасына кирди. Айтматовдун чыгармалары улуттук мүнөздү терең чагылдырганы менен, ошол эле учурда бүткүл адамзатка мүнөздүү универсалдуу баалуулуктарды камтып тургандыгы анын феноменин түзөт. [10]

Кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгында, фольклорунда жана бай тарыхый тажрыйбасында топтолгон руханий дүйнө жазуучунун чыгармаларында кеңири чагылдырылып, замандын курч маселелери менен айкалышып отурат. Мисалы, «Кылым карытаар бир күн» романында салт менен заман, тарых менен бүгүнкү күн, адам менен табият, улуттук эс-тутум менен глобалдык өзгөрүүлөрдүн карым-катышы көркөм чеберчилик менен сүрөттөлөт. Ал эми «Жамийла» повестинде кыргыз айыл турмушунун мүнөздүү белгилери сүйүү, адамдык бакыт, аялзаттын тагдыры сыяктуу жалпы адамзатка тиешелүү маселелер менен айкалышып берилет. [12]

Бүгүнкү күндө глобалдашуу процесси күч алып жаткан шартта ар бир элдин өзүнүн маданий идентүүлүгүн сактап калуу маселеси өзгөчө маанеге ээ болуп турат. Бул жагдайда

Чыңгыз Айтматовдун чыгармалары өтө маанилүү орунду ээлейт, анткени алар кыргыз элинин улуттук өзгөчөлүктөрүн терең чагылдырып гана тим болбостон, дүйнөлүк окурман үчүн да түшүнүктүү болгон жалпы адамзаттык идеяларды камтыйт.

Ошондуктан Айтматовдун чыгармачылыгын изилдөө жана анын мазмундук өзгөчөлүктөрүн талдоо бүгүнкү күндө да өз актуалдуулугун жоготпой, тескерисинче, заманбап коом үчүн өзгөчө мааниге ээ болуп эсептелет. [11]

Айтматовдун чыгармаларын изилдөөгө кыргыз жана чет өлкөлүк илимпоздор зор салым кошкон.

Р. Баялинова – Айтматов чыгармаларындагы аял образдарын, улуттук өзгөчөлүктөр менен жалпы адамзаттык баалуулуктардын байланышын талдаган. Ал жазуучунун «Жамийла» чыгармасы аркылуу кыргыз айыл турмушунун улуттук чөйрөсү дүйнөлүк адабиятка жеткенин белгилейт. [7]

А. Какеев – Айтматов чыгармаларын тарыхый-философиялык контекстте изилдеп, манкурттук маселени улуттук эс-тутумдун жоголушунун символу катары чечмелеген. Анын пикиринде, манкурт образы – улуттук өзгөчөлүктүн гана эмес, жалпы адамзаттык иденттүүлүктүн жоголуу коркунучунун символу. [9]

Л. Гумилев – этногенез теориясында улуттук дүйнөтаанымдын өзгөчөлүктөрүн талдап, улуттун руханий күчүн маданий мурастын негизинде түшүндүргөн. Айтматовдун чыгармаларында да этностун «пассионардык күчү» көрүнөт. [8]

М. Бахтин – адабияттагы диалогдуулуктун, маданий көп үндүүлүктүн теориясын иштеп чыккан. Бул теорияны Айтматовдун чыгармаларына колдонуу аркылуу улуттук жана универсалдуу баалуулуктардын синтези түшүндүрүлөт: ар бир чыгарма улуттук контексттен башталат, бирок дүйнөлүк деңгээлде көп үндүү диалогго чыгат. [6]

Чындыгында Айтматов өз чыгармаларында кыргыз элинин улуттук турмушун, каада-салтын жана дүйнө таанымын өтө терең жана таасирдүү чагылдырган улуу жазуучулардын бири болуп эсептелет. Ал өз чыгармалары аркылуу элдин тарыхый эс-тутумун, күнүмдүк жашоо образын жана руханий дүйнөсүн көркөм образдар аркылуу ачып бере алган. Айтматовдун чыгармаларында кыргыз элинин өзгөчөлүгү, жашоо философиясы жана баалуулуктары даана көрүнүп, бул аркылуу ал улуттук иденттүүлүктү дүйнөлүк деңгээлде тааныта алган. [12]

Ошол эле учурда Айтматовдун чыгармаларында эненин образы өзгөчө терең философиялык жана маданий мааниге ээ болгон универсалдуу символ катары каралат. “Эне” түшүнүгү жалпы адамзаттык маданиятта жашоонун башаты, мээримдин булагы жана руханий туруктуулуктун негизи катары түшүндүрүлөт. Философиялык жактан алганда эне жашоону улантуучу күч, адамдын ички дүйнөсүн калыптандыруучу биринчи тарбиячы жана жашоо тууралуу алгачкы түшүнүктөрдү берүүчү субъект катары бааланат. Бул мааниде эне жөн гана биологиялык түшүнүк эмес, ал адамдын руханий дүйнөсүн калыптандырган терең социалдык жана этикалык феномен болуп эсептелет. Айтматовдун чыгармаларында дал ушул мааниде эненин образы адамдын моралдык өзөгүн түзгөн күч катары берилет. [1]

Ал эми кыргыз маданиятында эненин орду өзгөчө бийик. Эне үй-бүлөнүн очогун сактаган, салт-санааны уланткан, баланы тарбиялап, коомдун руханий баалуулуктарын муундан муунга өткөргөн негизги фигура катары каралат. Кыргыз элинин дүйнө таанымында “эне сүтү” деген түшүнүк да жөн гана тамактануу эмес, ал адеп-ахлак, ыйман жана адамдык сапаттардын башаты катары символдоштурулат. Айтматов ушул улуттук негизди терең түшүнүп, өз чыгармаларында эненин образын кыргыз дүйнө таанымынын өзөгү катары сүрөттөйт. Анын чыгармаларында эне сабырдуулуктун, кечиримдүүлүктүн, мээримдүүлүктүн жана руханий туруктуулуктун символу болуп көрүнөт. [1]

Ошол эле учурда Айтматовдун чыгармаларында эне образы улуттук чектен чыгып, универсалдуу адамзаттык баалуулук деңгээлине көтөрүлөт. Бул жерде эне бардык элдер үчүн түшүнүктүү болгон сүйүү, боорукердик жана курмандыкка баруу идеяларынын символуна айланат. Дүйнөнүн кайсы бурчунда болбосун эненин мээрими, баласына болгон сүйүүсү жана коргоочу табияты бирдей универсалдуу мааниге ээ. Ошондуктан Айтматовдун

чыгармаларындагы эне образы улуттук маданият менен дүйнөлүк гуманисттик идеяларды бириктирип турган көпүрө катары кызмат кылат. Кыргыз энесинин образында эң биринчи кезекте салтка берилгендик, улууну урматтоо, кичүүнү ызаттоо жана турмуштун кыйынчылыктарына сабырдуулук менен туруштук берүү сыяктуу сапаттар көрүнөт. Бул сапаттар жөн гана жеке мүнөздөмө эмес, алар кыргыз коомунун кылымдар бою калыптанган жашоо философиясынын жыйынтыгы болуп эсептелет.

Айтматов бул өзгөчөлүктөрдү өзгөчө чеберчилик менен ачып берет. Мисалы, «Саманчынын жолу» чыгармасындагы Толгонайдын образы аркылуу кыргыз энесинин сабырдуулугу жана руханий күчү терең көрсөтүлөт. Ал согуштун азабын башынан өткөрүп, жакын адамдарын жоготконуна карабастан, жашоого болгон үмүтүн жоготпойт жана адамдык касиетин сактап калат. Толгонайдын образы аркылуу эненин кайраттуулугу, чыдамкайлыгы жана үй-бүлөгө болгон жоопкерчилиги ачылып, ал улуттук мүнөздүн жогорку үлгүсү катары көрүнөт. Бул жерде эне бир гана балдарын тарбиялоочу эмес, ал бүтүндөй муундардын ортосундагы руханий байланыштын сактоочусу катары берилет. [5]

Ошондой эле «Жамиля» чыгармасында да энелик образ түздөн-түз башкы каарман болбосо да, үй-бүлөлүк баалуулуктар, аялдын ички дүйнөсү жана анын жоопкерчилиги аркылуу эненин ролу кыйыр түрдө ачылат. Жамилянын образында салт менен жеке сезимдин ортосундагы ички карама-каршылык берилет, бирок ошол эле учурда анын чечимдери аркылуу адамдын ички эркиндиги, чынчылдыгы жана өз тагдырына болгон жоопкерчилиги көрүнөт. Бул да кыргыз аялзатынын, келечектеги эненин руханий өзгөчөлүгүн чагылдырган маанилүү жагдай болуп эсептелет. [2]

Ал эми «Ак кеме» чыгармасында болсо баланын дүйнө таанымы аркылуу эненин образы өзгөчө символикалык мааниге ээ болуп ачылат. Бул чыгармада эненин түздөн-түз катышуусу чектелүү болгону менен, баланын энеге болгон кусасы, мээримге болгон муктаждыгы энелик мээримдин канчалык маанилүү экенин айкын көрсөтөт. Эненин жоктугу бул жерде чоң трагедия катары берилет, анткени бала үчүн эне - бул коопсуздуктун, сүйүүнүн жана ишенимдин булагы. Бул аркылуу Айтматов энелик мээримдин универсалдуу жана алмашкыс баалуулук экенин терең философиялык деңгээлде ачып берет. [4]

Жалпылап айтканда, Айтматовдун чыгармаларындагы эне образы үй-бүлөнүн гана эмес, бүтүндөй улуттун руханий дүйнөсүнүн сактоочусу катары берилет. Ал салтты уланткан, баалуулуктарды муундан муунга өткөргөн жана адамдын ички дүйнөсүн калыптандырган негизги күч болуп саналат. Эненин мээрими, жоопкерчилиги жана сабырдуулугу кыргыз элинин дүйнө таанымындагы негизги адеп-ахлактык принциптердин бири катары көркөм деңгээлде терең чагылдырылган.

Жазуучунун чыгармаларында маданияттардын байланышы да ушул эне образы аркылуу табигый түрдө ачылат. Ар бир элде эне ар башка шартта, ар башка маданий чөйрөдө жашаса да, анын негизги сапаттары өзгөрбөйт. Мээрим, камкордук, баласына болгон чексиз сүйүү – бул бардык маданияттарды бириктирген жалпылык болуп саналат. Айтматов дал ушул окшоштукту көркөм образдар аркылуу көрсөтүү менен улуттук өзгөчөлүктөрдү жоготпостон, аларды дүйнөлүк деңгээлде түшүнүктүү кылып бере алган. Бул анын чыгармаларындагы эң маанилүү өзгөчөлүктөрдүн бири болуп эсептелет.

Ошондой эле Айтматовдун чыгармаларында адамзаттык биримдик идеясы да күчтүү орун алган. Ал адамды улутуна, тилине же жашаган жерине карап эмес, анын адамдык сапаттарына карап баалоо керектигин баса белгилейт. Эне образы аркылуу берилген сүйүү, боорукердик жана гуманизм идеялары адамдарды бириктирген негизги күч катары көрсөтүлөт. Бул идея азыркы глобалдашуу шартында өзгөчө мааниге ээ, анткени ар кандай маданияттардын ортосунда түшүнүү жана урматтоо зарыл болуп жатат. [1]

Азыркы коомдо эненин образынын тарбиялык мааниси өзгөчө күч алып жатат, анткени тез өзгөрүп жаткан дүйнөдө адамдын ички руханий туруктуулугун сактоо маселеси биринчи орунга чыгып калды. Эне – бул баланын жашоосундагы эң алгачкы жана эң негизги тарбиячы. Бала дүйнөнү биринчи кезекте эненин мамилеси, мээрими жана жүрүм-туруму аркылуу тааныйт. Ошондуктан жаш муундун адеп-ахлактык сапаттары, баалуулуктарга болгон

мамилеси көбүнчө энеден башталат. Эненин айткан сөзү, көрсөткөн үлгүсү, балага болгон мамилеси анын келечектеги инсандык калыптанышына түздөн-түз таасир этет.

Айрыкча глобалдашуу шартында улуттук өздүктү сактоо маселеси өтө актуалдуу болуп жаткан учурда эненин ролу дагы да жогорулайт. Себеби эне балага өз элинин тилин, каада-салтын, маданиятын жана руханий баалуулуктарын биринчи болуп үйрөтөт. Эгер эне ушул баалуулуктарды аң-сезимдүү түрдө балага сиңирсе, бала да өз улутун урматтаган, анын маданиятын баалаган инсан болуп өсөт. Бул жагынан алганда эне улуттук идентүүлүктүн негизги алып жүрүүчүсү жана сактоочусу болуп эсептелет.

Ошол эле учурда эненин тарбиясы универсалдуу гуманисттик баалуулуктарды калыптандырууда да чоң роль ойнойт. Эненин мээрими аркылуу бала боорукердикти, кечиримдүүлүктү, башка адамдарга урмат менен мамиле кылууну үйрөнөт. Бул сапаттар улутка карабай бардык адамзат үчүн маанилүү болгон баалуулуктар болуп саналат. Демек, эне бир эле мезгилде баланын улуттук өзгөчөлүгүн да, жалпы адамзаттык сапаттарын да калыптандыруучу негизги фактор болуп эсептелет.

Демек, Айтматовтун чыгармачылыгы – бул улуттук жана универсалдуу баалуулуктардын синтези аркылуу дүйнөлүк адабият менен маданиятка сиңген феномен. Ал кыргыз руханий дүйнөсүн чагылдыруу менен бирге жалпы адамзатка таандык болгон идеяларды көтөрүп чыккан. [10]

Ч.Айтматовдун чыгармалары – бул улуттук жана универсалдуу баалуулуктардын синтези. Ал кыргыз маданиятын дүйнөлүк деңгээлге алып чыккан көркөм көпүрө болуп калды. Айтматовдун чыгармачылыгынын негизги феномени – улуттук өзгөчөлүктөрдү сактоо менен жалпы адамзаттык баалуулуктарды көтөрө билүүсүндө. Ошондуктан анын чыгармалары дүйнөнүн бардык элдери тарабынан кабыл алынып, кыргыз маданиятынын дүйнөлүк маданий мейкиндикте таанылышына зор салым кошту. Айтматов – улуттук адабияттын өкүлү гана эмес, дүйнөлүк цивилизациянын гуманисттик идеяларын көтөргөн ойчул жазуучу. Ал кыргыз маданиятынын жүзүн гана ачып берген жок, аны жалпы адамзаттык деңгээлге көтөрдү.

Жыйынтыктап айтканда, Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларындагы эне образы өзүндө улуттук өзгөчөлүктөр менен универсалдуу адамзаттык баалуулуктардын терең айкалышын камтыган өзгөчө көркөм-философиялык символ болуп саналат. Эне бир жагынан кыргыз элинин салт-санаасын, дүйнө таанымын, үй-бүлөлүк мамилелерин жана руханий баалуулуктарын алып жүргөн улуттук образ болсо, экинчи жагынан ал бардык элдерге түшүнүктүү болгон сүйүү, мээрим, боорукердик жана гуманизм сыяктуу жалпы адамзаттык сапаттарды чагылдырат. Демек, эне образы улуттук менен универсалдуулуктун ортосундагы табигый байланыш катары кызмат кылып, маданияттардын ортосундагы руханий жакындыкты ачып берет.

Айтматовдун чыгармаларынын тарбиялык жана философиялык мааниси да дал ушул тереңдикте жатат. Ал өз чыгармалары аркылуу адамдын ички дүйнөсүн, моралдык тандоолорун, жашоонун маңызын жана адамдык баалуулуктардын маанисин көркөм образдар аркылуу жеткире алган. Айрыкча эне образы аркылуу жазуучу адамзат үчүн эң маанилүү болгон сапаттарды - сүйүүнү, сабырдуулукту, кечиримдүүлүктү жана жоопкерчиликти даана көрсөтөт. Бул чыгармалар жөн гана адабий мурас болбостон, алар жаш муундарды тарбиялоодо, адамдын руханий дүйнөсүн байытууда жана моралдык принциптерди калыптандырууда маанилүү роль ойнойт.

Азыркы глобалдашуу доорунда Айтматовдун чыгармалары өзгөчө актуалдуу болуп саналат. Анткени бүгүнкү күндө ар кандай маданияттардын аралашуусу күчөп, улуттук өздүктү сактоо менен бирге жалпы адамзаттык баалуулуктарды өнүктүрүү зарыл болуп жатат. Айтматов ушул эки багытты ийгиликтүү айкалыштырып, улуттук тамырдан ажырабаган, ошол эле учурда дүйнөлүк деңгээлде ой жүгүртө алган инсанды тарбиялоонун үлгүсүн көрсөтөт. Анын чыгармалары азыркы коом үчүн багыт берүүчү руханий булак катары кызмат кылып, адамдарды боорукерликке, адилеттүүлүккө жана биримдикке үндөйт.

Ушул ойлордун негизинде төмөнкүдөй жыйынтыкка келдик: «Эне образы - бул көпүрө сыяктуу. Бир тарабы улуттук маданиятка, салтка жана тарыхка таянса, экинчи тарабы жалпы адамзаттык баалуулуктарга алып барат». Ошол көпүрө аркылуу адам өз тамырын жоготпой туруп, дүйнөлүк деёгээлге чыгып, башка маданияттарды түшүнүүгө жана кабыл алууга үйрөнөт. Айтматовдун чыгармалары дал ушул көпүрөнү түзүп, адамзатка руханий багыт көрсөтүп турат.

Колдонулган адабияттардын тизмеси:

1. Абдраимова Н. Айтматовдун чыгармаларындагы аял образы жана маданий баалуулуктар. – Б.: 2020.
2. Айтматов Ч. Жамийла. – Ф.: Кыргызстан, 1968
3. А. Алимбеков п.и.д., профессор – Кыргыз-Түрк “Манас” Университети РУХАНИЙ-АДЕПТИК ТАРБИЯНЫН УЛУТТУК ИДЕАЛЫ ЖАНА АНЫН ӨЗӨКТҮҮ БААЛУУЛУКТАРЫ https://www.elibrary.ru/item.asp?id=49457288
4. Айтматов Ч. Ак-Кеме. – Ф.: Кыргызстан, 1978
5. Айтматов Ч. Саманчынын жолу. – Ф.: Кыргызстан, 1963
6. Бахтин М.М. Эстетика словесного творчества. – М.: Искусство, 1986.
7. Баялинова Р. Чыңгыз Айтматовдун чыгармачылык дүйнөсү. – Б.: Илим, 2001.
8. Гумилев Л.Н. Этногенез жана Жердин биосферасы. – М.: Мысль, 1990.
9. Какеев А. Айтматов жана улуттук иденттүүлүк маселелери. – Б.: БГУ, 2010.
10. Кожомгелдиева Ч.И. Ч. АЙТМАТОВДУН ЧЫГАРМАЛАРЫНДАГЫ УЛУТТУК ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨР ЖАНА УНИВЕРСАЛДУУ БААЛУУЛУКТАР
11. Курманбаева Г.А. – Кыргыз элинин залкар уулу, сыймыгы – Чынгыз Айтматовдун чыгармаларындагы кайталангыс баалуулуктар
12. Мамытов Т. Ч.Айтматов жана дүйнөлүк адабият. – Б.: Илим, 2005, 67 б.

УДК: 37.015.3:159.954 **DOI: https://doi.org/10.56122/..v1i1%20(27).526**

ЧЫГАРМАЧЫЛЫК ИШ-АРАКЕТТИН КОНЦЕПЦИЯСЫНЫН ИЛИМИЙ ЖАНА ТЕОРИЯЛЫК НЕГИЗДЕРИ

Усарова Гулбахор Уринбоевна
П.и.к., доценттин м.а.
Б.Сыдыков атындагы
КӨЭАУнун МЧжББББУ кафедрасы
gorunbaieva@bk.ru

НАУЧНЫЕ И ТЕОРЕТИЧЕСКИЕ ОСНОВЫ КОНЦЕПЦИИ ТВОРЧЕСКОЙ ДЕЯТЕЛЬНОСТИ

доцент, к.п.н. Усарова Гулбахор Уринбоевна
КУМУ имени Б.Сыдыкова Кафедра ДОиМНО
gorunbaieva@bk.ru

THE SCIENTIFIC AND THEORETICAL FOUNDATIONS OF THE CONCEPT OF CREATIVE ACTIVITY

Usarova Gulbahor Urinboevna
Candidate of Pedagogical Sciences, Associate Professor
email: gorunbaieva@bk.ru